Ишенби күнү кечинде

Сөзү: Эрдөөлат Эрматов

Обону: Мирланбек Давлатов

Аткаруучу: Мирланбек Давлатов

Көчөгө чыксак кечинде,

Келишкен жайдын кезинде.

Капыстан сага жолуктум,

Ишенби күнү кечинде.

Бир басып бирге тааныштык,

Убада кылдык ошол жерде.

Жолукмай болдук кайрадан,

Ишенби күнү кечинде.

Ээй жолукмай болдук

Жолукмай болдук

Ишенби күнү кечинде.

Кайрадан бакта жолуктук,

Айдын бир толгон кезинде.

Айкашып турдук экөөбүз,

Ишенби күнү кечинде.

Билгизбей сырды эч кимге,

Келгенбиз бирдей чечимге.

Убада кылдык кол берип,

Анда да...

Ишенби күнү кечинде.

Ээй убада кылдык

Убада кылдык

Ишенби күнү кечинде.

Ишенби болот тоюбуз,

Ишке ашып максат оюбуз.

Келгиле достор курдаштар,

Биз менен бирге болуңуз.

Ээй келгиле достор,

келгиле достор

Биз менен бирге болуңуз.

2006-жыл